**УДК: 81**

# ТИЛДИК МАТЕРИАЛДЫ ЫЛГАП АЛУУГА ЖАНА БЕРҮҮГӨ ФУНКЦИОНАЛДУУ МАМИЛЕ КЫЛУУ

**Джанганаева Г. У.**

*Тоо-кен иши жана тоо-кен технологиялары институту, Бишкек, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *Рассматривается вопросы коммуникативная направленность обучения языкам.*

***Ключевые слова:*** *функциональность, лексическая единица, грамматическая форма, познание.*

# CHOOSING LANGUAGE MATERIATS AND FUNCTIONAL ATTITUDE TO THE LANGUAGE

**Dzhanganaeva G.U.**

*Institute of mining and mining technologies, Bishkek, Kyrgyzstan*

***Abstract:*** *This articte considers the students communicative direction of speech and tearning functional development of language.*

***Key words:*** *functionality, lexical unit, grammatical form, cognition.*

Бул жерде окутуунун коммуникативдик багытталышы жөнүндө айтылат. Грамматикалык түзүлүш жана лексикалык бирдик форма жана мааниден башкадагы сүйлөө милдетин аткарат. Өзүнүн милдетин, башкача айтканда сүйлөгөндөрүн түшүндүрүү үчүн далилдөө таң калуу, тануу, шексинүү өңдүү тактоолордон пайдаланат. Сүйлөөдөн мурда эле тигиндей же мындай сүйлөө милдети пайда болот, дал ошол убакытта сүйлөөчү оюндагы сын ошол замат айтууга мажбур болот. Демек, сүйлөөдө «функция-форма-маани» ассоциациясы аракет кылат. Биз дайыма эле ушундай ассоциацияны иштеп чыга алабызбы? Студенттер адегенде сөздү жөнөкөй эле эсте тутуу, же кандайдыр бир грамматикалык форманы түзүүгө үйрөнүү үчүн сөздү жана анын маанисин эстеп калуучу, же бардык көңүлүн форманын түзүлүш эрежелерине топтоону талап кылуучу көнүгүүлөрдү аткарат. Мындай учурда сүйлөө бирдиги функционалдуу жактарын көрсөтө албай калат. Натыйжада, форманы жана функцияны ыраттуу өздөштүрүүдө байланышпай, форма функция менен ассоциацияланбай калат да окутуу «билет, бирок айта албайт» деген терс натыйжага алып келет. Функционалдуулук сүйлөө бирдигинин функциясын (милдетин) биринчи планга жылдырууну болжойт, албетте, бул функцияны тил жагынан бөлүүгө болбойт, ал дайыма сүйлөөдөн алдыда жүрөт, функция негизинен окуучунун аң-сезимине багытталат, форма болсо көбүнчө окуу процессинде өздөштүрүлөт. Функционалдуулук жалгыз эле сүйлөөгө тийиштүү болбойт. Окуп жатканда угуу жөндөмдүүлүгү да чоң мааниге ээ болот. Анткени, окуу жана угуу функциясы речтик иш-аракеттин бир түрү болгондуктан дайыма предметтин (нерсенин) ар түрдүү жактары боюнча өзүнүн пикирин айтуу, коюлган суроого жооп берүү, анын жалпы маанисин түшүнүү, майда-чүйдөсүнө чейин тактоо, укканын жазуу, талкуулоо үчүн тема алуу, жаңы бир нерсе билүү үчүн китептерди, макалаларды, кичинекей кабарларды окуу керек. Окуу жана угуу боюнча тапшырмаларды түзүп жатканда буларды эске алуу керек. Функционалдуулук окуу процесинде бардык сүйлөө бирдиктери сүйлөөгө аракет кылгандыктан, ал пайдалуу жана зарыл экендигин белгилейбиз. Ар качан сүйлөө бирдигинин эки деңгээлине сөз жана сүйлөмгө өзгөчө көңүл бурулат. Бирок, булл эн маанилүү деңгээлден кем калышпагандагы сөз тизмеги бар. Анысы да, мунусу да өзүнчө окутууга тиешелүү болуп саналат. Бирок көпчүлүк учурда ката сөз тизмеги боюнча кетирилери белгилүү. Демек, сөз тизмегин көбүрөөк жыштыкта өздөштүрүү, аларды автоматтык түрдө колдонууга жетишүү максатка ылайыктуу. Сөздөрдү жетишерлик түрдө өздөштүрүп алууга болот, бирок сүйлөө учурунда алар өзүлөрү эле өз ара айкаша алат деп ойлоого болбойт. Сүйлөм деген жогорку бирдик. Адам өз оюн айтууну билсе, анда сүйлөм өзүнөн-өзү пайда болот. Сүйлөм бирдигине сөздүн байланыштуулугу, анын логикалуулугу таандык болгондуктан анны өзүнчө окутуу талап кылынат. Эске ала турган нерсе, байланыш үчүн тилдеги белгилердин системасы катары пайдалануунун үч аспектиси бар: фонетика, лексика, грамматика. Бул аспектилерди өз алдынча, бири-бирине көз каранды кылбастан айрым үйрөнүүгө мүмкүн.

Речтик иш-аракеттин үч жагы бар: мааниси боюнча (семантикалык, лексикалык), түзүлүшү боюнча (грамматикалык), айтылышы боюнча (модалдуулук) жактары. Речтин

процессинде алар бири-биринен ажыратылбаган байланышта болот. Биринчиден, речтик иш-аракетти окутуу да сөздү анын формасынан ажыратып өзгөртүүгө болбойт. Грамматикалык кубулуш алардан тышкары сөздөрдүн өз ара айкалышуучулук мыйзам ченемдүүлүгүнө, өз ара пикир алышууга негизделет. Ошондуктан көпчүлүк көнүгүүлөрдү бүт бойдон сүйлөө бирдигин өздөштүрүүгө жумшоо керек. Дайыма түшүндүрө берүүдөн окуучунун көңүлүн алагды кылбоосу зарыл. Мындай учурда сөздү, сөз тизмегин, сүйлөмдү катыштырып кичинекей чакан көнүгүүнү түзүү керек. Эгерде окучу көнүгүүдөгү сиздин суроолоруңузга жооп берсе, сиздин ойдун тууралыгын ырастаса, же сизге каршы болсо, анда бир грамматикалык кубулушту, мисалы, ээни автоматташтыра алган, болбосо бир керектүү сөздү тартиби менен пайдалана алган деп түшүнөбүз. Эгерде көнүгүү тура түзүлсө, окучу калган бардык нерсени унутат да, тапшырманы тура өздөштүргөндүктөн ал сүйлөй баштайт. Сабакты материалы боюнча гана лексикалык, грамматикалык деп бөлүштүрөбүз, ал эми өз оюбузча, көңүлүбүздө бардык жүргүзүлгөн иштер окуучунун шар сүйлөп кетүүсүнө багытталган иш-аракет экендигин түшүнөбүз.

Экинчиден, сүйлөө бирдигинин иш-аракети башкачараак мүнөздө каралат. Башкача айтканда, окуу процессинде эрежелерди катыштырып өтүү жактарын мугалим өзгөчө тактап, ойлонуп иштейт. Мисалы, ушул учурда эрежени берүүгө болобу же болбойбу, кандай учурда берүүгө болот, кантип формулировкалоо (бир ойду кыскача жана так кылып айтуу) керек, ж.б. Анткени көнүгүүлөрдү аткаруунун мүнөзү жана анын эффективдүүлүгү дал ушуга көз каранды болоруна эч качан шеек саноого жарабайт.

Тактап айтканда, өз оюн айтуу, эрежени мурда айтуу сүйлөй билүүгө дайыма тиешелүү болот. Бул сезимдүүлүк менен окутууга байланыштуу. Эреже берилсе-маанисине түшүнүп окутуу, берилбесе – маанисине түшүнбөй окутуу деп эсептелет. Баары бир иш татаалдаша баштайт. Машыгуунун үч түрүн салыштырып көрөлү: бир тамга жазууга машыктырабыз. Мында эрежесиз эле жөнөкөй көчүрүү жолу менен иштөөгө болот. Тыбышты айтууга машыктырабыз, Мында бир сапар туурoo менен максатка жетүүгө мүмкүн эмес. Татаал синтаксистик түзүлүштү пайдаланууга машыктырабыз. Мында баарынан мурда эрежени берүү зарыл. Биздин көз карашыбыз боюнча машыктырууга усулдук туура мамиле кылуу үчүн төмөнкүлөрдү өз ичине камтуусу зарыл:

1. Сүйлөө процессинде эрежени мүнөзү жана орду атайын ар бир тилдик форма үчүн аныкталат;
2. Эреженин орду жана зарылдыгы эне тили менен шайкеш келгидей кылып кайдыгер оордукту эсепке алуу жолу менен аныкталат.

Бул учурда окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө жараша эрежелердин кайталанып берилишинен, эреженин маанисине түшүнбөй эле жаттап алуудан сак болу керек. Окуу процессии эреженин негизинде инструкция берүү жолу менен өтүлөт. Автоматташтыруу процессинде булл каталар дана байкала баштаган да катадан кутулуу үчүн окуучуга тиешелуукыскачакөрсөтмөлөрдүберүүкерек.Билим берүүнүн мындай жолу кванттоо деп аталат. Ал жогоруда айтылган автоматташтыруу шартын сактоого мүмкүндүк берет. Биринчи планга сүйлөө аракетинин өзү жылдырылат, ал эми инструкция болсо анны өздөштүрүүгө жардам берет. Көңүлгө ала турган эң бир негизги нерсе – инструкция берген учурдагы эрежени, сүйлөө бирдигинин учурдагы кубулушу тууралу толук жыйнак түзүүнүн кереги жок. Ар бир конкреттүү сүйлөө бирдигин өздөштүрүү жана пайдалануучун зарыл болгон эреженин минимумун гана алууга мүмкүн. Бул тил системасындагы, тилди үйрөнүүдөгү зарылчылык болуп саналат.

Жогоруда айтылгандар окуучунун, окуу жана угуу иш – аракетинин рецептик түрлөрү үчүн бир топ эле негиздүү болот го деген ойдобуз. Ошондой эле өздөштүрүү учурунда аларга эреже – инструкция абдан зарыл, бирок аларды башкача мүнөздө түзүп берүүгө болот. Тигил же булл сүйлөө бирдигинин «таануу белгилери» алардын башка бир дайындоосуна кызмат кылат, анткени иш-аракетинин рецептик түрлөрү ассоцианын «форма – маани» деген белгисинде негизделген.

**Колдонулган адабияттар**


1. Касымов Б., Токтоналиев, Карыбаев. Изучаем кыргызский язык. – Фрунзе 1991.
2. Кыргызский язык. Учебник для русских групп вузов. – Фрунзе 1975.
3. Кыргыз терминологиясынын маселелери. – Б.: Илим 1981.